ОшМУнун окуу-информациялык департаменти

Кыргыз республикасынын билим берүү
жана илим министрлиги

Ош мамлекеттик университети

Окуу-информациялык департаменти

# №1

# *Б Ю Л Л Е Т Е Н Ь*

## Ош мамлекеттик университетинде кышкы сынак сессияны уюштуруу жана өткөрүүгө карата методикалык рекомендациялар



Ош - 2007

***Түзүүчүлөр:*** *Алтыбаева М.* – окуу-информациялык департаментинин башчысы

***Компьютердик верстка жана коздоо:*** *Чоюнова С.*- ОИДдин 1-категориядагы адиси
*Жусупова А.*- ОИДдин 2-категориядагы адиси

Кызматтык пайдаланууга арналган.

© Ош мамлекеттик университети

**Кыргыз республикасынын билим берүү жана илим министрлиги**

**Ош мамлекеттик университети**

**Окуу-информациялык департаменти**

# №1 – бюллетень

## Ош мамлекеттик университетинде кышкы сынак сессияны уюштуруу жана өткөрүүгө карата методикалык рекомендациялар

1. Курстук экзамендер жана зачеттор жөнүндө жобо
2. Факультеттерде зачеттук-экзамендик сессияны уюштуруу
3. Кафедралардын зачеттук – экзамендик сессияны өткөрүүгө катышуусу
4. Зачеттук-экзамендик сессияны өткөрүү жана анын жүрүшүнө көзөмөл

## Сунушталуучу адабияттар


1. Мамлекеттик билим берүү стандарттары
2. 1994-жылы 27-декабрда бекитилген № 11-4 «Кыргыз республикасынын жогорку окуу жайларында курстук экзамендер жана зачеттор жөнүндө типтүү Жобо»
3. ЖОЖдун факультеттери жөнүндөгү Жобо
4. ЖОЖдун кафедралары жөнүндөгү Жобо

## I. Ош мамлекеттик университетинде курстук экзамендер жана зачеттор жөнүндө
## Жобо

Бул Жобо Кыргыз республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин коллегиясынын чечими менен 1994-жылы 27-декабрда бекитилген № 11/4 «Кыргыз республикасынын жогорку окуу жайларында курстук экзамендер жана зачеттор жөнүндө типтүү Жобонун » негизинде түзүлгөн.

1. Курстук экзамендер билимди жана окутуунун сапатын аралык текшерүүнүн бир формасы болуп эсептелет жана студенттин курс (семестр) ичиндеги ишин, теориялык билимдерди өздөштүрүү деңгээлин баалоо, өз алдынча иштөө көндүмдөрүн текшерүү, алган билимин синтездөө жана аларды практикалык, кесиптик маселелерди чечүүдө колдонуу билгичтигин текшерүү максатын көздөйт.

Экзамен бүтүндөй дисциплина же анын бөлүгү боюнча жүргүзүлөт.

2. Зачеттор эреже катары студенттердин лабораториялык, эсептик-графикалык иштерди, курстук иштерди (проекттерди ) жана семинардык сабактардын тапшырмаларын аткарылышын текшерүүнүн формасы катары каралат, ошондой эле окуу жана өндүрүштүк практикалардын өткөрүлүшүн жана бул практикаларда индивидуалдык тапшырмалардын аткарылышын текшерүүнүн формасы болуп эсептелет.

Экзамен каралбаган дисциплиналарда зачет аркылуу студенттин теориялык билими да бааланат.

3. Студент окуу планында каралган дисциплиналар боюнча бардык экзамендерди жана зачетторду тапшырууга милдеттүү.

4. Факультативдик дисциплиналар боюнча зачетторду жана экзамендерди студент тапшыра алат жана анын каалоосу боюнча тапшыруунун жыйынтыгы ведомостко, зачеттук китепчеге жана дипломдун тиркемесине коюлат.

5. Курстук иштер эреже катары, окуу процессинин графигине ылайык сессия ичинде тапшырылат.

Факультеттин деканы тиешелүү кафедра башчысынын пикирин эске алып, окуу планында каралган лабораториялык, практикалык иштерди аткарган жана бул дисциплина боюнча зачетторду тапшырган шартта, жетишүүсү жакшы студентке экзаменди алдын-ала тапшырууга руксат берүү укугуна ээ.

6. Сырттан окуу бөлүмүндө багыттоочу жана экзамендик сессиялар өндүрүштүк зарылчылыктарга ылайык түрдүү мезгилдерде өткөрүлүшү ыктымал. Окуу жылында ар бир курс үчүн зачеттук-экзамендик сессиялардын, курстук жана контролдук иштердин мөөнөттөрүн жана санын университеттин ректору белгилейт.

7. Окутуунун түрдүү формаларынын студенттери экзамендик сессияга ушул семестр үчүн окуу планындагы дисциплиналар боюнча каралган бардык зачетторду жана эсептик- графикалык иштерди жана башка тапшырмаларды аткарган шартта кийрилет.

Жүйөлүү себептер болгондо экзамен каралбаган дисциплиналардан зачет тапшырбаган студенттерге факультеттин деканы экзамендик сессияга руксат бере алат.

Окутуунун сырттан жана кечки формаларынын студенттерине сессиянын өткөрүлүш мөөнөтү жөнүндө маалымат жеткирүүгө деканаттар милдетүү.

8. Ооругандыгына же документтүү тастыкталган башка себептер менен (үй бүлөлүк жагдайлар, табигый кырсыктар ж.б.) кабыл алынган мөөнөттөрдө зачетторду жана экзамендерди тапшыра албаган студенттерге факультеттин деканы зачет-экзамендерди тапшыруунун индивидуалдык мөөнөттөрүн белгилейт.

9. Окутуунун бардык формалары үчүн экзамендердин жадыбалы сессия башталардан бир ай мурда түзүлүп, университеттин ректору (проректору) тарабынан бекитилип, окутуучуларга жана студенттерге маалымдалат.

Жадыбал модулдук – рейтингдик технологияга таянуу менен түзүлөт. Бир экзамендик сессияда каралган экзамендердин саны 5 тен ашпоого тийиш.

10. Экзаменге студент зачеттук китепчеси менен келет жана экзамендин башталышында аны экзаменаторго көрсөтөт.

11. Экзамендерди эреже катары милдеттүү түрдө ассистенттин катышуусу менен бул агымдын лектору кабыл алат.

Зачетторду тайпада практикалык сабактарды алып барган окутуучулар кабыл алат.

12. Лабораториялык сабактар боюнча зачеттор алардын аткарылышында, практикалык, семинар сабактардан зачеттор жадыбал боюнча кабыл алынат.

13. Окуу практикасы боюнча зачет практиканын программасына ылайык студент түзгөн отчет боюнча коюлат.

Өндүрүштүк практика боюнча зачет практиканын программасына ылайык студент түзгөн отчет боюнча коюлат. Өндүрүштүк практика боюнча зачет отчеттун корголушунун жыйынтыгы боюнча коюлат. Отчет кафедра тарабынан белгиленген комиссияда, практиканын жетекчисинин катышуусу менен кабыл алынат. Өндүрүштүк практика боюнча дифференцирленген баа коюлат.

Курстук иштер (проекттер) боюнча зачеттор студенттин курстук ишти (проектти) жактоосунун негизинде дифференцирленген баа менен коюлат. Коргоо кафедра башчы бекиткен комиссиянын отурумунда курстук иштин (проекттин) жетекчисинин катышуусунда өткөрүлөт.

14. Дисциплинанын теориялык бөлүгү боюнча экзамендерди жана зачетторду өткөрүүнүн формасы университет тарабынан белгиленет.

Экзамендин жүрүшүндө жана зачетторду тапшырууда студенттер техникалык каражаттарды, көргөзмө куралдарды, сурап-билме нормативдик адабияттарды, окуу программаларын колдоно алышат.

15. Курстук экзамендерде жана зачеттордо тиешелүү дисциплина боюнча студенттердин билимин баалоонун критерийлери кафедра тарабынан иштелип чыгат, факультеттин Окумуштуулар Кенешинде бекитилет.

16. Экзамендерде жана зачеттордо окуу процессине тиешеси жок адамдар окуу иштери боюнча проректордун же факультеттин деканынын руксатысыз катыша алышпайт. Бир гана экзамен белгиленген дисциплинанын айрым бөлүктөрү бир нече окутуучу тарабынан окутулган шарттарда экзамен алардын катышуусу менен жүргүзүлөт жана бир баа коюлат.

17. «Канааттандырарлык эмес» баа ведомостко гана коюлат, ал эми калган оң баалар ведомостко, андан кийин зачеттук китепчеге коюлат. Ведомосттордо экзаменге жана зачетко келбегендик «келген жок» сөзү менен белгиленет. Себепсиз келбегендик декан тарабынан «канааттандырарлык эмес» баа катары каралат.

18. Зачетторду тапшыргандыктын жыйынтыгы «өттү» белгилөөсү менен бааланат. Дифференцирленген баа менен зачет коюлуучу дисциплиналардын тизмеси факультеттин Окумуштуулар Кеңеши тарабынан белгиленет.

19. Академиялык карыздарды жоюунун жадыбалын окуу иштери боюнча проректор бекитет. Окуу жылы ичинде дисциплина боюнча аттестацияланбаган студенттер кийинки курска көчүрүлбөйт.

Практиканын программасын жүйөлүү себеп менен аткара албаган студент факультеттин деканынын руксаты менен кайра практика өтүүгө жиберилет. Кайрадан өтүлүүчү практиканын мөөнөтү декан тарабынан индивидуалдык тартипте белгиленет.

20. Оң бааны жогорулатуу үчүн экзаменди кайра тапшыруу өзгөчө гана учурларда факультеттин деканынын негизделген (жүйөөлөштүрүлгөн) сунуштамасы боюнча ректордун руксаты менен чечилет.

21. Экинчи жылга калтырылган студентке кафедра башчынын сунушу боюнча факультеттин деканы ал лабораториялык, практикалык тапшырмаларды кайрадан аткаруучу, лекцияларды угуучу жана экзамен, зачет тапшыруучу дисциплиналарды белгилейт.

22. Университетке которуу же тикелөө тартибинде кабыл алынган студенттердин мурда тапшырган дисциплиналарын эсепке алуу маселеси, баа алынган убакыттан көз карандысыз, ар бир учурда тиешелүү кафедра башчынын сунушу боюнча факультеттин деканы тарабынан бул дисциплина боюнча программалардын иденттүүлүгүнө жараша чечилет.

23. Университеттин ректору, проректорлор, факультеттердин декандары жана кафедра башчылар профессордук – окутуучулук курам менен биргеликте экзамендик сессия процессинде студенттердин даярдык сапатын анализдешет жана окуу процессин андан ары жакшыртуунун чараларын кабыл алышат.

24. Бул Жобо университетте курстук экзамендерди жана зачетторду уюштурууда жетекчиликке алынат.

## II. Факультеттерде зачеттук-экзамендик сессияны уюштуруу

Окутуунун формалары боюнча окуу иштерин уюштуруу үчүн факультеттин курамында бөлүмдөр түзүлсө болот.

Факультетти декан жетектейт.

Факультеттин деканы:

- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын аткарылышы үчүн жооптуу;
- Сабактардын өткөрүлүшүнө жана студенттердин өз алдынча иштеринин аткарылышына көзөмөл уюштурат;
- Факультеттин студенттерине белгиленген тартипте стипендия ыйгарат;
- Факультет боюнча төмөнкүлөр менен камсыз болууну уюштурат жана көзөмөлдөйт:

1. студенттердин зачеттук китепчелери;
2. экзамендик ведомосттор;
3. экзамендик билеттер;
4. кайра тапшыруу баракчалары;

- Уюштуруу маселелерин чечет:
  - кафедра башчылар менен зачеттук-экзамендик сессия жөнүндө инструктаж өткөрөт;
  - экзамендик комиссиянын курамын бекитет;
  - сабактардын, зачеттордун, экзамендердин, консультациялардын расписаниесин бекитет;
  - аудиториялык фондду бөлүштүрөт;
  - зачеттук-экзамендик сессиянын жүрүшүнө көзөмөл системасын жөнгө салат.

## III. Кафедралардын зачеттук – экзамендик сессияны өткөрүүгө катышуусу

Факультеттин кафедралары:

- окутуучулар менен зачеттук-экзамендик сессия жөнүндө инструктаж өткөрөт;
- зачеттук – экзамендик сессиянын жадыбалын түзүүдө аудиториялык фондду бөлүштүрүүгө катышат;
- экзамендик суроолордун түзүлүшүнө, тесттик, зачеттук материалдардын камсыздалышына жана алардын программаларга, мамлекеттик билим берүү стандартына туура келишине жооп берет;
- экзамендик билеттерди даярдайт жана бекитүүгө көрсөтөт;
- консультациялардын жадыбалын түзөт;
- академиялык карызы барларга консультациялардын жадыбалын түзөт;
- АКЖнын графигин түзүүгө катышат;

- дисциплиналар боюнча экзаменаторлорду жана ассистенттерди аныктайт;
- кафедранын дисциплиналары боюнча студенттердин даярдык сапатын анализдейт жана сапатты жакшыртуунун иш чараларын белгилейт;
- курстук иштерди, практикалардын отчетторун кабыл алуучу комиссияларды түзөт жана алардын ишин аныктайт.

## IV. Зачеттук-экзамендик сессияны өткөрүү жана анын жүрүшүнө көзөмөл

- Зачетторду кабыл алуунун жадыбалынын сакталышын текшерүү (деканат, каф. башчы);
- Консультациялардын жана обзордук лекциялардын жадыбалынын сакталышын текшерүү (каф. башчы);
- Зачеттук-экзамендик сессиянын графигинин түзүлүшү жана бекитилиши (ОИД);
- Академиялык группаларда экзамендерди кабыл алуунун жадыбалынын сакталышы (деканат, ОИД);
- Ассистенттердин жана экзамендик комиссиянын мүчөлөрүнүн катышуусу (деканат, ОИД);
- Экзамендик билеттердин болушу жана алардын окуу программаларына туура келиши (каф.башчы);
- Экзамендик ведомосттордун болушу, катталышы, экзаменаторлордун кол тамгалары, өткөрүү датасы ж.б. (деканат, ОИД);
- Студенттердин өздөштүрүүсү боюнча АКЖга чейинки жана кийинки адистиктер, курстар, тайпалар жана дисциплиналар боюнча салыштырма анализ отчет (деканат, ОИД);
- Академиялык карызы бар студенттер үчүн консультациялардын жадыбалы (деканат, каф. башчы);
- АКЖнын жадыбалы (деканат );
- Академиялык карыздарды кабыл алуучу комиссиянын курамы (деканат);
- Академиялык карызы бар студенттердин тизмеси, көчүрүү жана окуудан четтетүү боюнча рапорттор (деканат);

**Мазмуну**


1. Ош мамлекеттик университетинде курстук экзамендер жана зачеттор жөнүндө жобо ………………………………………… 4

2. Факультеттерде зачеттук-экзамендик сессияны уюштуруу……………………………………………………..7

3. Кафедралардын зачеттук – экзамендик сессияны өткөрүүгө катышуусу…………………………………………………….8

4. Зачеттук-экзамендик сессияны өткөрүү жана анын жүрүшүнө көзөмөл ……………………………………………9